*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2017-жыл, 10-март

**2017-жылдын январь-февралындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-февраль 2016[1] январь-февралына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-февраль 2015 январь-февралына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 51893,8 | 105,4 | 90,5 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 47193,6 | 103,6 | 99,6 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 29476,9 | 122,9[2] | 65,8[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 19859,7 | 123,2[2] | 97,3[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 2290,5 | 171,5[2] | 160,0[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 18197,5 | 121,3[2] | 55,6[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 8702,1 | 112,4[2] | 91,4[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 286,7 | 101,9[2] | 106,7[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукция-сы | 14358,0 | 101,3 | 100,0 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 8391,7 | 98,2 | 96,1 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 8187,7 | 99,3 | 102,8 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-февраль 2016[1] январь-февралына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-февраль 2015 январь-февралына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 47858,4 | 104,1 | 105,5 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 26904,1 | 104,3 | 103,1 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 2072,3 | 106,8 | 107,1 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу көлөмү, миң тонна | 4506,5 | 103,7 | 104,6 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 100,0 | 105,1 | 102,7 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 91,0 | 86,5 | 75,5 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 4067,2 | 83,7 | 100,1 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 100,9 | 101,6 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 101,5 | | |
| - 2016-ж. февралына карата | 101,3 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 59,0 | 102,9 | 97,0 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 13768 | 105,8 | 111,4 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 89,7 | 92,3 | 77,3 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 265,2 | 108,7 | 63,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь (алдын ала маалыматтары боюнча).

## 2017-жылдын январь-февралындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн жогорулашы негизги металлдарды (21,9 пайызга) өндүрүүнүн эсебинен камсыз болду.

Металл кендерин (5,2 эсеге) казуунун көбөйүүсү жана тазартылган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн өсүшү белгиленди. Тамак-аш

продуктуларын өндүрүүнүн өсүшүнө (38,4 пайызга) негизинен кум-шекерди өндүрүүнүн жогорулашы негиз болду (өткөн жылдын бул мезгилинде мындай өндүрүш болгон эмес). Текстиль өндүрүшүнүн көлөмүнүн 29,0 пайызга өсүшү пахта булаасын өндүрүүнүн өсүшүнөн келип чыкты. Кийимдерди өндүрүүдөгү 4,3 пайызга өсүш териден жасалган буюмдардын, аялдардын жана эркектердин сырткы кийимдерин чыгаруунун өсүшүнөн келип чыкты.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмү 2016-жылдын январь-февралдагы көлөмүнөн 12,4 пайызга жогору болду.

**Айыл чарба.** 2017-жылдын январь-февралында айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоонун продукциясынын көлөмүнүн өсүүсү өткөн жылдын тийиштүү мезгили менен салыштырганда мал чарбачылыгынын продукциясын өндүрүүнүн 1,4 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалды.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын төмөндөшү айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун, иштетүү өндүрүш, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, транспорт жана жүк сактоо ишмердүүлүгүндө, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, билим берүү, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, ошондой эле башка тейлөө ишмердүүлүктөрүнүн кыскарышынын эсебинен келип чыкты.

Ошол эле убакта негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү пайдалуу кендерди казууда, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдууда), дүң жана чекене соодада, мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүндө, маалымат жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүндө, саламаттыкты сактоодо, турак жай курулушунда байкалды.

Ички булактардын эсебинен түшкөн инвестициялардын көлөмү 10,4 пайызга өстү, ал эми сырткы булактардан түшкөнү тескерисинче 30,4 пайызга төмөндөдү.

Жалпы инвестициянын көлөмүнүн 87 пайызы пайдалуу кендерди казуудагы, иштетүү өндүрүшүндөгү, суу менен жабдуу, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодогу, транспорт жана турак жай куруу ишмердүүлүгүндөгү объектилерди курууга багытталган.

**Соода.** Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү өткөн жылдын январь-февралына салыштырганда негизинен дүң (6,5 пайызга) жана чекене сооданын (4,3 пайызга) көлөмүнүн өсүүсү менен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер**. Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырганда керектөө секторундагы инфляция 1,5 пайызды түздү. Мында үстүбүздөгү жылдын февралында өткөн айга салыштырганда керектөө бааларынын өсүшү республика боюнча 0,6 пайыз болду.

Тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары жыл башынан бери 2,2 пайызга жогорулашы, жаңы жер-жемиштердин бааларынын 23,6 пайызга өсүшүнүн эсебинен болду. 2016-жылдын декабрына салыштырмалуу үстүбүздөгү жылдын февраль айында тамекиге (12,4 пайызга) жана кызмат көрсөтүүлөргө (1,9 пайызга) баалардын жана тарифтердин өсүшү менен аныкталды. Азык-түлүктүк эмес товарлардын жана алкоголдук ичимдиктердин баалары байкаларлык эмес төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында керектөө бааларынын эң көп өсүшү Ош шаарында катталды. Себеби башка региондорго караганда тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын 3,6 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга 0,9 пайызга, алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баалары 8,0 пайызга жогорулады.Кызмат көрсөтүүнүн тарифтери жыл башынан бери Бишкек шаарында 2,2 пайызга өстү.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2017-жылдын январында 2016-ж. январы менен салыштырмалуу тышкы сооданын көлөмүнүн 7,7 пайызга төмөндөшүнө алтынды жөнөтүүнүн 2,3 эсеге, пластмасса жана андан жасалган буюдардын 2,3 эсеге, электр машиналарынын жана жабдууларынын 1,6 эсеге, тамекинин 1,6 эсеге кыскарышы себеп болду.

Импорттук түшүүлөрдүн 8,7 пайызга жогорулашы фармацевтикалык продукцияны 1,6 эсеге, химиялык штапель булааларын 1,5 эсеге, кийимдин 1,5 эсеге, жыгачтын 1,6 эсеге, бут кийимдин 41,5 пайызга жогорулашы менен жетишилди. Ошол эле учурда кагаздын, картондун жана андан жасалган буюмдардын 21,7 пайызга, пластмасса буюмдарынын 49,9 пайызга, жер семирткичтердин 49,2 пайызга кыскарышы байкалган.

2017-жылдын январында ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү 143,6 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-жылдын январына салыштырганда 7,2 пайызга кыскарды. Мында экспорт – 6,0 пайызга, импорт – тескерисинче 14,1 пайызга жогорулады. ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга (65,0 пайыз) жана Казакстанга (34,2 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен бурчактуу жана кургатылган жашылча-жемиштердин (2,6 эсе), кургатылган жемиштердин (23,8 пайыз) жана бут кийимдердин (1,2 пайыз) үлүшү көбөйдү. Ошол эле учурда кийимдердин жана кийим кем-карчыктарынын экспорту 10,1 пайызга азайды.

Россиядан келген товарлардын ичинен сүт азыктары 1,8 эсе, жыгач материалдары 2,5 эсе, кара металлдар 32,8 пайыз, пластмасс буюмдары 22,5 пайызга жогорулады. Ошол эле учурда өсүмдүк майынын келиши 44,7 пайызга, кондитердик азыктардын 39,4 пайызга жана жууп тазалоочу препараттардын алып келиниши 49,8 пайызга азайды.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен сүт азыктарын алып чыгуу 1,6 эсеге көбөйдү, ал эми жашылча-жемиштердин чыгышы 2,3 эсеге азайды.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен кондитердик азыктар 2,7 эсеге, кагаз, картон жана кагаз буюмдары 2,4 эсеге өстү, жууп тазалоочу препараттардын алып келиниши 1,8 эсеге өстү. Ошол эле убакта газдалган минералдык сууларды алып кирүү 7,1 эсеге жана өсүмдүк майын алып кирүү 48, 1 пайызга төмөндөдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **Оросбаев А.Т.**